| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>АК-СУУ РАЙОНУ<br><br>ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-СУЙСКИЙ РАЙОН<br><br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>ХАН-ТЕНИРИ** |

Хан-Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1 чакырылышынын кезектеги 15 - сессиясы

# ТОКТОМ

**2026-жыл 02-марты** **№ 7** **Ново-Вознесеновка айылы**

## Хан-Тенири айыл аймагынын калкын таза суу менен камсыз кылуу тарифтерин бекитүү жөнүндө

"Хан-Теңири-тазалык" муниципалдык ишканасынын өндүрүштүк планын карап, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамынын 27-беренесине ылайык талкуулап, жергиликтүү кенеш **токтом кылат:**

1. Хан-Теңири айыл аймагындагы айылдардын ( Ак-Булуң, Ак-Булак, Ак-Чий, Боз-Учук, Жыргалаң, Ичке-Жергез, Качыбек, Ново-Вознесеновка, Советское, Токтогул) калкын таза суу менен камсыз кылуу боюнча тарифтер 1 айга төмөндөгүдөй бекитилсин:
   - Ак-Булак айылы (398 кожолук) кубометр менен – 40 сомдон кубуна;
   - Ак-Булуң айылы (402 кожолук) бир кожолукка 200 (эки жүз) сомдон;
   - Ак-Чий айылы (302 кожолук) киши башына 60 (алтымыш) сомдон;
   - Боз-Учук айылы (219 кожолук) кубометр менен -25 сомдон кубуна;
   - Жыргалаң айылы (220 кожолук) киши башына – 50 (элүү) сомдон;
   - Ново-Вознесеновка айылы (705 кожолук) киши башына – 50 сомдон;
   - Ичке-Жергез айылы (385 кожолук) киши башына – 50 сомдон;
   - Качыбек айылы ( 70 кожолук) киши башына – 50 (элүү) сомдон;
   - Советское айылы (183 кожолук) кубометр менен – 30 сомдон кубуна;
   - Токтогул айылы (302 кожолук) кубометр менен – 40 сомдон кубуна;
   - Мектептер, бала бакчалар, ДЭП №11, өзүнчө мобилдештирилген тоо-кен кырсыктарынан куткаруу взводу, конок үйлөр, – 1000 (бир миң) сом бир айына;
   - Коммерциялык объектилер(кафе, чайхана, автомойкалар, мончо) – 1500 (бир миң беш жүз ) сомдон бир айына;
   - ГСВ, ФАПтар – 100(жүз) сомдон бир айына;
2. Ичүүчү таза суу системасына жаңыдан кошууга – 2500 (эки миң беш жүз) сомдон; Ичүүчү таза сууну жабуу жана кайра жандандыруу – 500 (беш жүз) сомдон.

3. Калкты таза суу менен камсыз кылуу боюнча иш алып баруу "Хан-Теңири-тазалык" муниципалдык ишкананын директору Б.Кангельдиевге милдеттендирилсин.
4. Ушул токтом ММКларга жарыялоо үчүн жиберилсин.
5. Токтом МККга басылып чыккан күнү Ысык-Көл облустук юстиция башкармалыгына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
6. Токтомду аткарууга алуу Хан-Теңири айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго, токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жергиликтүү кеңештин мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Узаков**